| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. № 149/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**25.05.2023-ж. №132/28-8 сандуу**
**токтомун жокко чыгаруу жөнүндө”**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 39-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык кеңешинин 25.05.2023-ж. №132/28-8 сандуу токтому жокко чыгарылсын.
2. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (Токтосунов А.Т.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

---

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. №150/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“ШММБна “Айыл Банк” ААКнун Кара-Көл өкүлчүлүгүнөн Лизинг продукциясы аркылуу “МАЗ 5912С2-310НМ” комбинацияланган жол машинасын сатып алуу жөнүндө”**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-2-бөлүкчөсүн, 34-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, ШММБнын башчысы М.С.Курамаевдин шаардык муниципалдык менчик башкармалыгына “Айыл Банк” ААКнун Кара-Көл өкүлчүлүгүнөн Лизинг продукциясы аркылуу жаңы “МАЗ 5912С2-310НМ” комбинацияланган жол машинасын сатып алуу жөнүндө сунушун жана аталган маселе боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Н.Кыргызалиевдин маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ШММБна “Айыл Банк” ААКнун Кара-Көл өкүлчүлүгүнөн Лизинг продукциясы аркылуу жаңы “МАЗ 5912С2-310НМ” комбинацияланган жол машинасын сатып алууга макулдук берилсин
2. Техника сатып алууга жалпы **8000,0 миң** сом акча каражаты каралсын, анын ичинде Кара-Көл шаардык бюджеттин 2022-жылдын жыйынтыгы менен бош калган, үнөм каражатынан шаардык мэриянын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасындагы же “Өнүгүү бюджетиндеги” 2023-жылдын иш планынын реестринин 1-пунктунда бекитилген **5400,0 миң** сом акча каражатын келишимдин негизинде каржылоого макулдук берилсин.
3. Калган **2600,0 миң сомдук** акча каражаты “Айыл Банк” ААКнун Кара-Көл өкүлчүлүгүнөн 18 пайыз үстөк менен 60 айлык мөөнөткө алынып жаңы техника сатылып алынары эске алынсын.
4. ШММБ (М.С.Курамаев) тиешелүү мыйзамдардын талабына ылайык аталган жаңы жол техникасын сатып алууну иш жүзүнө ашырсын.
5. ШММБна (М.С.Курамаев) жаңы “МАЗ 5912С2-310НМ” комбинацияланган жол машинасын кабыл алгандан баштап Лизинг келишиминин шарттары толук аткарылып бүткөнгө чейин ар бир ай үчүн **66023** сомдон төлөп туруу милдеттендирилсин.
6. ШММБна (М.С.Курамаев) Лизинг келишимдеринин шарттары бүткөнчө ар жыл үчүн **792 276** сомду Кара-Көл шаарынын бюджетине киргизүү милдеттендирилсин.

7. ШММБына (М.С.Курамаев) насыя келишиминин шарттары толук аткарылып бүткөнгө чейин “Айыл Банк” ААКнун алдында солидардык жоопкерчилик милдеттендирилсин.
8. Муниципалдык менчик башкармалыгынын начальнигине (М.С.Курамаев) муниципалдык менчик башкармалыгынын атынан тиешелүү иш-чараларды жүргүзүүгө, келишимдерге кол коюуга макулдук берилсин.
9. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Т.Т.Конкобаев) ШММБна (М.С.Курамаев) жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.), ал эми көзөмөлдөө шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясына (Кыргызалиев Б.Н.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. №151/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке компенсация катары келип түшкөн 1620,9 миң сомдук максаттуу иш-чараларды бекитүүгө макулдук берүү жөнүндө ”**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө“ Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-бөлүкчөсүн, КР Бюджеттик Кодексинин 55-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэри Т.Т.Конкобаевдин катын жана шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери, инвестиция боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Б.Н.Кыргызалиевдин маалыматын угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке компенсация катары келип түшкөн **1620,9 миң** сомдук максаттуу трансфертти аткарууга макулдук берилсин, иш-чаралардын реестри тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.) Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке компенсация катары келип түшкөн **1620,9 миң** сомдук максаттуу трансферт боюнча шаардык бюджетке тактоо (уточнения) киргизсин.
3. Тиркемеге ылайык бекитилген иш-чараларды 2023-жылдын 29-декабрына чейин ишке ашыруу жагы Кара-Көл шаардык мэриясына (Конкобаев Т.Т.), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.) милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышы шаардык мэрияга (Конкобаев Т.Т.), Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Кара-Көл финансы башкармалыгына (Осмонкулов Ж.Т.), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин бюджеттик комиссиясына (Кыргызалиев Б.Н.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**Кара-Көл шаардык кеңешинин**
**2023-жылдын 20-декабрындагы**
**XXXIII сессиясынын №151/33-8**
**сандуу токтомуна тиркеме**

Кара-Көл шаардык мэриянын 2023-жылга социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы же "Өнүгүү бюджетинин" **1620,9** миң сомдук иш планынын

РЕЕСТРИ

| № п/п | Мекеменин аталышы | Иш планынын аталышы | Сумма (миң сом) | Эскертме |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мэрия | А.Нусубалиевага материалдык жардам | 200,0 | |
| 2 | Мэрия | А.Маралбаевдин атасы Т.Чойбековго материалдык жардам | 200,0 | |
| 3 | Мэрия | К.Оморовага материалдык жардам | 100,0 | |
| 4 | Мэрия | А.Садыралиеванын кызы В.Мусаевага материалдык жардам | 100,0 | |
| 5 | Мэрия | Ы.Кенебаеванын небереси У.Мисиралиевге материалдык жардам | 100,0 | |
| 6 | Мэрия | А.Туралиевге материалдык жардам | 100,0 | |
| 7 | Мэрия | Б.Камчыбековго материалдык жардам | 100,0 | |
| 8 | Мэрия | С.Шакулиеванын кызы А.Сапаралиевага материалдык жардам | 50,0 | |
| 9 | Мэрия | М.Жумановanын баласы А.Тилекбердиевге материалдык жардам | 50,0 | |
| 10 | Мэрия | Жеңилдиктерге материалдык жардамга | 325,9 | |
| 11 | Мэрия | Мал жана үй канаттууларына санак жүргүзүүгө | 85,0 | |
| 12 | Мэрия | Жеңилдиктер беренесине (көмүргө) | 210,0 | |
| | | **Жалпы :** | **1620,9** | |

**Аппарат жетекчи** **Нурматова К.И.**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>КАРА-КӨЛ ШААР<br>АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ<br>ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО<br>ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. №152/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кара-Көл шаарынын 2023-2024-жылга күзгү-кышкы мезгилге даярдыгы жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 17-бөлүкчөсүн жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэринин биринчи орун басары Э.С.Тажимырзаевдин Кара-Көл шаарынын экономика тармактарын жана калкын 2023-2024-жылдарга күз-кыш мезгилине даярдыгы жөнүндө маалыматын, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик, жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Р.Касымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы төмөндөгүлөрдү белгилейт.

Шаардын калкын жана экономика тармагын 2023-2024-жылга күз-кышкы мезгилге даярдоо жана аталган мезгилди ийгиликтүү өткөрүү максатында 2023-жылдын 13-июнунда шаардык мэриянын **№287-б** буйругу чыгарылып, штабдын мүчөлөрү жана жумушчу комиссиянын курамы бекитилген.

Жылуулук менен жабдуу ишканасы 2023-жылдын 28-февралындагы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин №34 сандуу буйругунун негизинде Токтогул ГЭС каскадынын курамынан чыгарылып, “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын балансына “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу ишканасы” филиалы болуп кабыл алынган.

Жылуулук менен жабдуу ишканасынын курамында **беш** (“ЦТК”, “Тавашаров”, “ДСР”, “Бекташ”, “Кетмен-Төбө”) электр откана иштейт. Алардын жалпы кубаттуулугу Р-46,8 мВт жана жылуулук берүүчү түтүкчөсүнүн узундугу **45,202** чакырымды түзөт жана жылдык пландын негизинде график боюнча бардык электр отказандарга капиталдык жана кезектеги оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлгөн.

Бишкек-Ош авто унаа жолунун 315 чакырымынан тартып 427 чакырымдар аралыгындагы эскилиги жеткен жол белгилери алмаштырылып, 2023$м^2$ жолду жамоо иштери аткарылган жана 760$м^2$ жол чийиндери чийилген.

№30 Жол тейлөө мекемеси тарабынан күз-кышка даярдык көрүү, кыш мезгилинде жол кырсыгын алдын алуу, Бишкек-Ош автожолундагы таштарды (осыпь) тазалоо жана жолду кеңейтүү, ашууларды тейлөө иштерин аткаруу үчүн техникаларды толугу менен оңдолуп, даярдоо иштери план боюнча жүргүзүлгөн. 2023-2024-жылдарга күз-кыш мезгилине даярдык көрүү максатында 35 тн туз, 2200 тн кум (ГПС) даярдалган.

Кара-Көл райондук электр тармактар ишканасы тарабынан калкты үзгүлтүксүз электр энергиясы менен камсыз кылуу боюнча бир топ иштер пландалган. Анын ичинен 6-10кВ чыңалуудагы электр чубалгыларын оңдоо 108,17 км болсо, -0,4кВ чыңалуудагы электр чубалгыларын оңдоо 78,63 км. Калган пландар 100% га аткарылган.

Шаардын борбордук аймагынан сырткары жайгашкан көчөлөрүнүн тургундары үчүн Кара-Көл шаарынын мэриясы жана ШММБ тарабынан шаардын ичинде атайын жер тилкеси отун, көмүр камдоого бөлүнүп, беш жерге соода түйүндөрү уюштурулган. Калкты көмүр менен камсыздоо 46,6% аткарылган, керектөө 600тн, ташылган 280 тн.

Жогорудагы көрсөтүлгөндөрдүн негизинде Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын 2023-2024-жылдарга күзгү-кышкы мезгилге даярдыгы жөнүндө Кара-Көл шаарынын мэринин биринчи орун басары Э.С.Тажимырзаевдин маалыматы, шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Р.Касымовдун билдирүүсү эске алынсын.

2. Кара-Көл райондук электр тармактар ишканасына (Т.С.Нышанов) Кара-Көл шаарынын Канат, Ак-Кыя 1-2, Төрөкулов көчөлөрүндө жана Көк-Бел айылындагы эскилиги жеткен мамычаларды алмаштыруу боюнча РЭТ ишканасынын 2024-жылдын иш планына киргизүү сунушталсын.

3. Кара-Көл райондук электр тармактар ишканасына (Т.С.Нышанов) Кара-Көл шаарына бөлүнгөн лимитти сактоо, Кара-Көл шаарынын калкын электр энергия менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү милдеттендирилсин.

4. Кара-Көл шаардык мэриясы (Т.Т.Конкобаев) Кара-Көл шаарынын Төрөкулов көчөсүндөгү жаңы конушка трансформатор орнотуу боюнча иш-чара иштеп чыгып, 2024-жылдын бюджетинин долбооруна киргизүү сунушталсын.

5. “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын филиалы Кара-Көл жылуулук менен жабдуу ишканасына (Н.Ш.Шамурзаев) Кара-Көл шаарынын калкын жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү милдеттендирилсин.

6. №30 Жол тейлөө мекемеси 2023-2024-жылдардагы күз-кыш мезгилинде шаардын ички автожолундагы карларды, жолдордогу муздарды, таштарды (осыпь) тазалоо жана жолду кеңейтүү, кум, туз чачуу иштерин аткарууда муниципалдык менчик башкармалыгына транспорт жагынан мыйзам чегинде көмөк көрсөтүшсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Т.Т.Конкобаев), ал эми көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (И.Р.Касымов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br>**КАРА-КӨЛ ШААР**<br>**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**<br>**ШААРДЫК КЕНЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**<br>**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**<br>**ГОРОДСКОГО АЙМАКА** |

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. №153/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кара-Көл шаарынын М.Сабиров №23а дарегинде жайгашкан мамлекеттик салык кызматынын балансында турган имаратты жер аянты менен муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына өткөрүп алууга макулдук берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 6-беренесин жетекчиликке алып, жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэринин орун басары Г.О.Сатарованын 09.10.2023-ж. чыгыш №01-20/4636 сандуу кайрылуусун жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Р.Касымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын М.Сабиров №23а дарегинде жайгашкан мамлекеттик салык кызматынын балансында турган имаратты 9369,32 $м^2$ жер аянты менен муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына өткөрүп алууга макулдук берилсин.
2. Кара-Көл шаардык кеңешинин 02.12.2020-ж. №236/44-7 жана 22.08.2023-ж. №140/30-8 сандуу токтомдору жокко чыгарылсын.
3. Кара-Көл шаардык мэриясына (Т.Т.Конкобаев), муниципалдык менчик башкармалыгына (М.С.Курамаев) Кара-Көл шаарынын М.Сабиров №23а дарегинде жайгашкан мамлекеттик салык кызматынын балансында турган имаратты жер аянты менен кайрадан бала бакча ачуу үчүн муниципалдык менчик башкармалыгынын балансына өткөрүп алуу боюнча мыйзам чегинде иш алып баруу милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Т.Т.Конкобаев), Кара-Көл шаардык мэриянын муниципалдык менчик башкармалыгына (М.С.Курамаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (И.Р.Касымов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ
КАРА-КӨЛ ШААР
АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ
ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО
ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. №154/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кетмен-Төбө айылында жайгашкан
жылуулук отканасын “Кыргызжылуулукэнерго”
мамлекеттик ишканасынын филиалы
Кара-Көл жылуулук менен жабдуу
ишканасына өткөрүп берүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесин, Кара-Көл шаардык кеңешинин 2022-жылдын 17-октябрындагы №87/17-8 токтому менен бекитилген “Кара-Көл шаарынын муниципалдык менчигиндеги мүлктү ажыратуу тартиби” жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кара-Көл шаарынын мэринин биринчи орун басары Э.С.Тажимырзаевдин 07.12.2023-ж. чыгыш №01-20/5712 сандуу кайрылуусун жана Кара-Көл шаардык кеңешинин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы И.Р.Касымовдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгынын балансында турган Кетмен-Төбө айылында жайгашкан жылуулук отकананы 3788,0 м$^2$ жер аянты менен “Кыргызжылуулукэнерго” Кара-Көл жылуулук менен жабдуу ишканасына мыйзам чегинде өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу шаардык мэрияга (Т.Т.Конкобаев), Кара-Көл шаардык мэриянын муниципалдык менчик башкармалыгына (М.С. Курамаев), ал эми көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына (И.Р.Касымов) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**КАРА-КӨЛ ШААР**
**АЙМАГЫНЫН КАРА-КӨЛ**
**ШААРДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАРА-КУЛЬСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ КАРА-КУЛЬСКОГО**
**ГОРОДСКОГО АЙМАКА**

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**20.12.2023-ж. №155/33-8** **Кара-Көл шаары**

**“Кара-Көл шаардык шаардык кеңешинин**
**03.02.2023-ж. №107/24-8 токтомунун тиркемесине**
**өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө”**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 36-беренесинин жетекчиликке алып, Кара-Көл шаардык кеңешинин 8-чакырылыштагы депутаттарынын кезектеги XXXIII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Көл шаардык кеңешинин 03.02.2023-жылдагы №107/24-8 токтомунун тиркемесиндеги 20,21 бөлүктөрү алынып салынсын жана бул маселелер шаардык кеңештин 2024-ж. иш планына киргизилсин.
2. Токтомдун аткарылышын аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (Токтосунов А.Т.) жүктөлсүн.

**Төрага** **Ч.А.Кимсанов**